**БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА «САПАТТУУ БИЛИМ» АГЕНТТИГИ**

**Педагогикалык кенештин чечими**
20.05.2021ж

**Баткен Областын Кадамжай районундагы**

**№33 Кесиптик лицейи**

**Өзүн-өзү баалоо отчету**

1. **Комиссиянын торагасы**: Козубаев.М.Ж. – директордун ОУӨИ боюнча орун басары

**Комиссия мүчөлөрү:**

2. Абдубалиева.М.М. – директордун ОТИ боюнча орун басары
3. Исмаилов.А.П. – Ага устат
4. Камчыбекова.Г.С. – Болум башчы
5. Эгембердиев.Н.С-Кесиптик мугалим
6. Исманов.С.М.- Кесиптик мугалим
7. Тешебаев К. М. - Мугалим

**«Комиссиянын курамы жонундо» №3/9 буйрук**

**Марказ айылы 2022-жыл**

## 1.Киришүү

1.1 №33 Кесиптик лицейинин – Мекемеси башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүүчү программаларын ишке ашырууну жүргүзүүчү мамлекеттик жалпы билим берүүчү уюм болуп эсептелет.

1.2.Жалпы билим берүүчү уюмдун уюштуруу документтери болуп аны түзүү жөнүндөгү чечим же уюштуруучулардын келишими, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдун уставы эсептелет.

1.3 Жалпы билим берүүчү уюмдун уюштуруу-укуктук формасы –Мекеме, менчигигин туру мамлекеттик.

1.4 Жалпы билим берүүчү уюм өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын жана тескемелерин, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.5 Жалпы билим берүүчү уюм аныкталбаган мөөнөткө түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өткон.

1.6 Жалпы билим берүүчү уюмдун аталышы толук жана кыскартылган түрдө

**Мамлекеттик тилде аталышы:** №33 Кесиптик лицейи – Мекемеси,

кыскартылганы- №33 КЛ – М-е,

**Официалдуу тилде аталышы:** Учреждение –Профессиональный лицей №33,

кыскартылганы- ПЛ №33

1.7 Жалпы билим берүүчү уюмдун юридикалык дареги Кыргыз Республикасы, Баткен областы Кадамжай району Марказ айылы А Кочконов кочосу 2.

1. **Укуктук статусу:** Орто жалпы билим беруу уюму.
2. 
3. **№33 Кесиптик лицейинин кыскача тарыхы.**
4. №33-Кесиптик лицеи районубуздун аймагында жаны суу каналдары курулуп пахта осумдугу, жугору жана мал чарбасы учун тоют осумдуктору коп эгиле баштаган мезгилде айыл чарбасына механизаторлор жана башка жумушчу кадрлар жетишпей жаткандыгына байланыштуу Кыргыз ССР министрлер Совеинин №4-токтомунун негизинде 1976-жылы 14-январда ачылып биринчи директор болуп Осмонов Абдиназар Осмонович дайындалган, окуу болумунун башчысы болуп Култаев Тажибай, окуу-тарбия иштери боюнча Абдикаримов Абдыбахап, ага устат болуп Акматов Мамарасул иштеген. Алгачкы ондуруштук окуунун устаттары Мойдунов Абдивали, Нурдинов Мурзали, Ахмадалиев Юлдашбай, Дадажанов Умаржан, Ахмедов Тайир иштеген. Алгач эски мектептин имаратында ачылып жалан механизаторлорду даярдаган.
5. Башкача айтканда негизги кесиптер болуп томонку кесиптер окутулган:
6. 1.Кенири профилдеги тракторист-машинист 2 жылдык моонот менен.

7. 2.III-класстагы тракторист-машинист 8 айлык моонот менен.
8. 3.Мал чарбасынын механизатору 8 айлык моонот менен.
9. Окуу жай озунун материалдык- техникалык базасы чындалганга чейин “Октябрдын 50 жылдыгы” атындагы совхозу мнен тыгыз иштешип, Ондуруштук окуу жана практикалык сабактарды отуудо алардын техникаларын жана жерлерин пайдаланышкан.
10. Окуу жайы 1976-1980-жылдары техникалык окуу жайы (ТУ) болуп 8-класстын базасында 2 жылдык моонот менен окуткан.
11. 1980-1986-жылдары айылдык кесиптик-техникалык окуу жайы (СПТУ) кошумча Автомобилдерди ондоочу слесарь, Куруучу плотник, Мастер животновод кесиптери ачылган. Ошол эле жылдары “Октябрдын 50 жылдыгы совхозу” тарабынан 20 гектар сугат жер болуп берилип окуу чарбасы уюштурулган. Жерди иштетуу менен окуу жай озуно киреше таап, окуучуларга жер иштетууну уйротуу менен окуучулар ашканасын жашылча азыктары менен камсыз кыла баштаган.
12. 1986-1999-жылдары айылдык орто кесиптик-техникалык окуу жайы (ССПТУ) болуп кесип менен бирге орто билим да бере баштаган. Материялдык-техникалык базасы мамлекет тарабынан колдоого алынып жакшы денгелге чыгып окутула турган кесиптер кобойо баштаган. Мисалы: Фермер-тракторист, “С”-категориясындагы автомобиль айдоочу кесби, Электромантер, “С”-категориясындагы автомобиль айдоочу, Айыл чарта бухгалтери, Сатуучу, “С”-категориясындагы автомобиль айдоочу, Токой остуруучу-“С”-категориясындагы автомобиль айдоочу, Электр жабдууларын ондоочу жана тейлоочу-“С”-категориясындагы автомобиль айдоочу, кыска мооноттуу Килем токуучу кесиби ачылган.
13. 1988-89-жылдары Окуу корпусу жана бытовой комплекси менен типтуу долбоор башталып Союз ыдырай баштаганда окуу корпусу буткорулуп жаны окуу корпусуна кочурулгон жана калган объетилер каржыланбай бупой калган.
14. 1989-жылы типтуу долбоор менен курулган жаны окуу копусуна кочурулуп, озунун Автотрактордук гаражы жана бир канча окутуу устакналары, Автодрому менен толукталган.
15. Окуу жай Советтик Социалистик олколордун ыдырап мамлекеттин эгемендуулугунун эн алгачкы мезгилине туш келген.Ошол кезде Кыргызстандагы башка лицейлер катарында №33 Кесиптик лицей да оор абалга туш келген.Лицейдин материалдык-техникалык базасы эскирип,имараттардын ички жана сырткы болуктору урап ,чатырларынан суу ага баштаган.Анткени мындай чон иштерди оз ордуна коюуга,капиталдык ондоп-тузоолорду жургузууго лицейдин чамасы жеткен эмес. Мындай оор кырдаалдан чыгуу учун жана лицейдин материалдык-техникалык базасын заманбап технологияларга откоруу,лицейдин окуу тарбия,ондуруштук,маданий,аскердик,спорттук иштерин сандык эмес сапаттык корсоткучторго жеткируу учун алдыда зор жумуштарды жасоо керек болчу.
16.
17. 1999-жылы Кесипчилик-техникалык билим беруунун Башкы башкармалыгынын
18. 5-августундагы №3-чечиминин негизинде Кеиптик лицей болуп тузулгон. (ПЛ)
19.
20. Лицейдин Советтик Социалистик олколордун ыдырап мамлекеттин эгемендуулугунун эн алгачкы мезгилине туш келген.Ошол кезде Кыргызстандагы башка лицейлер катарында №33 Кесиптик лицей да оор абалга туш келген.Лицейдин материалдык-техникалык базасы эскирип,имараттардын ички жана сырткы болуктору урап ,чатырларынан суу ага баштаган.Анткени мындай чон иштерди оз ордуна коюуга,капиталдык ондоп-тузоолорду жургузууго лицейдин чамасы жеткен эмес.
**21.**
22. Мындай оор кырдаалдан чыгуу учун жана лицейдин материалдык-техникалык базасын заманбап технологияларга откоруу,лицейдин окуу

тарбия,ондуруштук,маданий,аскердик,спорттук иштерин сандык эмес сапаттык корсоткучторго жеткируу учун алдыда зор жумуштарды жасоо керек болчу.

23. 2013-жылы окуу жайга 6-директор болуп Сарыбаев Абдыразак Минжашарович келди. Директорлук кызматка киришкенде,лицейде абал кыйла оор эле.Мындай толгон койгойлорду четинен чечуудо кучтуу эрк менен,озунун принципиалдуу мунозу менен алга карай умтулуп,жоопкерчиликтуу ишин аткара баштады.

24. Жумушту эн оболу айлана-чойрону жана имараттарды тазалоо,иретке келтируу жана инвентаризациялоо менен баштады.Союз убагынан калган техникаларды,жабдууларды жана шаймандарды бутундой ондоп-тузоп,сактап калды. Окуу жайдын директролук кызматына келгенге чейин 2005-жылы Ондуруштук коммерциялык иштер боюнча директорду орун басары болуп 2010-жылга чейин эмгектенген. Ошол мезгилде окуу жайдын материялдык-техникалык базасын чындоо учун донорлорду издеп Мерсико жана ПРООН эл аралык уюмдардын долбоорлоруна катышып инвестиция тарта баштаган. 2009-2010-жылдары Мерсико эл аралык уюдун долбооруна катышып 78700 сомдук окуучуларды окутуу учун донголокторду желимдоочу комплект жабдууларды жана ПРООНдун долбоорунан 204900 сомдук 10 даана компьютер алынып компьютердик класс уюштурулган. 2010-2011-жылдары ушул эле Эл аралык уюдар менен иштеп Мерсикодон 303000 содук Айыл чарбасынын устаты (фермер) кесибин окутуу учун айыл чарба шаймандары алынган, ПРООН дон 114450 сомдук Тигуучулор кесибин окутуу учун Тигуучу машиналар алынган.

25. Лицейдин окуу-тарбия иштери бир нече пайызга остуруунун,ондуруштук практиканын сапатын жакшыртуу максатында жана кадрларды камсыздоо устундо чон иштерди алып барды.Лицей Кадамжай районунун айыл аймактары, ишканалар менен мындан тышкары чакан ишканалар менен келишимдерди тузуп,ондуруштук практикага шарттар жанданды.

26. Лицей томонку ишканаларда ондуруштук практика откорот.

27.

28. 1.Кадамжай РЭС

29. 2.Айыл окмоттордогу Дыйкан чарбалар

30. 3.Жеке чарбалар

31. 4.Фермердик чарбалар

32. 5.Кызыл-Кыя шаарындагы чакан Тигуу цехтери

33. 6.Сутту кайра иштетуучу “Рахат-тан” кичи зоводу

34. 7.Жеке менчик Автоунаа ондоочу жайлар

35.

36. Лицей акыркы 6 жыл ичинде 37 мугалим-устатты оз билимин оркундотуу жана тажрыйба алмашуу боюнча курстарга,семинар-тренингдерге жоноттулуп Сертификат алышты.

37.

38.

39. Ондуруштук практиканын жолго коюлушу жана мугалим-устаттардын билим денгээлин оркундотуунун натыйжасында окуучулардын кесиптик-билим сапатынын пайызы жогорулады.Мындан тышкары лицейде компьютердик сабаттуулукту камсыздоо жана инновациялык усулдарда сабактарды отуунун жолдору боюнча жылына 3-4 жолу курстар уюшулуп,окутуулар жургузулуп турду.

40.

41.

42. 1.Жаны компьютер каанасы капиталдык ондоп-тузоодон откорулуп,1 интерактивдуу доска,12 компьютер,стол-стулдар,шкаф орнотулду.

Жалпы билим берүүчү уюмдун юридикалык дареги Кыргыз Республикасы, Баткен областы Кадамжай району Марказ айылы А Кочконов кочосу 2.

**Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база**

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| | **Стандарт 1. БАШКАРУУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | |
| 1.1 | 1.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 2014 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу билим берүү уюмунун бекитилген ички актыларынын болушу. 403 (мындан ары - Мамлекеттик стандарт) жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, минималдуу талаптарга, Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүсүнө кызыкдар тараптардын ББЖнын ички актыларында аныкталган муктаждыктары. | Жалпы билим берүүчү уюм Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын айрым контингентине сабактан тышкары убакытта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (ББМ) бекиткен кошумча билим берүү кызматтарын акысыз негизде көрсөтөт<br><br>Жалпы билим берүүчү уюм окуучулардын ата-энелеринин каалоосу боюнча бекитилген окуу планына жараша билим берүүнүн ар кандай кызматтарын акыга көрсөтө алышат.<br><br>Жалпы билим берүүчү уюмдагы класстардын саны жарандар берген арыздарга жараша класстардын толукталышынын санитардык жана эң чоң нормаларын эске алууга жараша болот. | Мамлекеттик стандарт менен лицейдин бектилиген типтуу окуу планы дал келет. |
| 1.2 | 1.2. Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн эске алуу менен билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатына ылайык билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүүнүн максаттарынын жана | Кесиптик лицейде бардык кызыкдар тараптарына жеткиликтүү, так аныкталган миссиясы бар. Окуу жайынын миссиясы төмөнкүдөй баяндалат. “***Заманбап шартта билим беруу менен эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере алган жумушчу адистерди даярдоо”.*** | Лицейдин миссиясы, максаттары, кутулуучу натыйжаларын кабыл алган токтом.( 2021-жылдын 27-октябрында ИПКдин ПКнин жана камкордук кеңешинин отурумунун №2- чечими) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | күтүлүүчү окуу натыйжаларынын болушу. | Лицейдин миссиясы 2021-жылдын 27-октябрында ИПКдин ПКнин жана камкордук кеңешинин отурумунун №2- чечими менен бекитилген.<br>Окуу жайынын миссиясы коомчулукка жеткиликтүү болуу үчүн окуу жайдын сайтына Кесипке багыт берүү баракчаларында, окуу жайынын кабыл алуу боюнча маалымат тактайчасында илинген, Лицейдин кире бериш жерине жайгаштырылган.<br>Окуу жайында кызыктар тараптардын муктаждыктарын канааттандырган стратегиялык жана учурдагы пландары иштелип чыгып, окуу жайынын 2021 жылдын 30-декабрындагы ПКде каралып, жетекчилик тарабынан бекитилен.<br>Окуу жайынын Миссиясынын негизинде билим берүүнүн **негизги максаты жана милдеттери** иштелип чыккан жана кабыл алынган.<br><br>Стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окуу натыйжаларынын аткарылышына жыл сайын мониторинг жүргүзүлүп турат.<br>Жыл сайын окуу жылынын аягында кызыкдар тараптар менен жолугушуулар жүргүзүлүп, атайын анкеталар алынат.<br>Кызыкдар тараптардан алынган анкеталарга окуу жайындагы жыйынтыктоочу ПКде талкууланып, мониторинг жүргүзүлүп турулат. ПКде талкууланып, белгиленген кемчилдиктерди эске | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | алуу менен аларды жоюу кийинки түзүлүүчү иш-планга киргизилет. | |
| 1.3 | 1.3. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра карап чыгууга педагогикалык жамааттын, билим берүү уюмунун окуучулар жана кызыкдар тараптардын катышуусунун механизминин болушу (кызыкдар тараптардын пикири); | Окуу жайдын билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу билим берүү уюмунун жетекчилиги, окутуучулары, кызматчылары, окуучулары жана кызыкдар тараптарынын катышуусунда жүгүзүлөт. Билим берүү сапатын камсыздоо саясатынын көзөмөлдөө окуу жайдын жалпы чогулуштарында, ПКде, мамлекеттик аттестация учурунда сунуш пикирлер, толуктоолордун негизинде кайра кароо ишке ашырылат. Окуу жайындагы кыска мөөнөттү курстардын бүтүрүүчүлөрүнүн сунуштарын эске алуу менен кыска мөөнөттү курстарды окутуудагы план программалары каралып, жыл сайын толуктоолор киргизилип турулат | Ата-энелер чогулушунун протоколдору сүрөтотчет. https://www.facebook.com/profile.php?id=100067839714736 : https://youtu.be/iOafIf6nNe8 **https://www.instagram.com/p/Cc2kmm1skas/?igshid=YmMyMTA2M2Y=** |
| 1.4 | 1.4. Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин, окуучуларынын, социалдык өнөктөштөрдүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык стандарттарынын болушу. | Билим берүү уюмунда кызматкерлердин, окуучулардын, социалдык өнөктөштөрдүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык стандарттары бар. | Ата-энелер чогулушунун токтомдору. Социалдык оноктоштор менен тузулгон келишимдер. |

**Күчтүү жактар:**

1. Билим берүү уюму лицейдин миссиясын так түзүп,анын негизинде стратегиялык жана учурдагы планды иштеп чыккан.
2. Лицейдеги билим берүү максатынын, окутуунун жыйынтыктарын, стратегиялык жана учурдагы иш пландардын ишке ашырылгандыгына көз салып туруучу программанын багыттары:
- билим берүү;
- методикалык
- инновациялык;
3. Жетекчиликтин жана бардык кызматкерлердин активдүүлүгү;
4. Аймакта лицейдин имиджинин барктуулугу;
5. Коомдук өнөктөштөр жана жумуш берүүчүлөрдөн оң сын-пикирлерге ээ болгондугу;
6. Окуучулар менен өз ара байланыш жана коллективде жагымдуу психологиялык атмосфера түзүлгөндүгү.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Алсыз жактар:**<br>Ата-энелердин жоопкерчилиги толук болбой жаткандыгы. Усулдук кеңештин заманбап методикадан ар тараптан жардам көрсөтүүнүн жетишсиздиги | | | |
| **Стандарт 2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| 2.1. | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү. | Окуу планы мамлекеттик стандарттын талаптарына туура келет жана КР нын ББИМнин 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1/1 буйругу менен бекитилген Базистик окуу планына ылайык түзүлгөн.Анда мектептин так аныкталган миссиясы бар.Бул миссиянын негизинде кызыктар тарабтардын(окуучулар жана ата-энелер) муктаждыктарына жооп берген максаттар жана кутүлгөн натыйжалар иштелип чыккан.Окуу планына ылайык , мектептин негизги иш багыттары иштелип чыккан.Аткарылган пландардын аткарылышы дайыма контролдукка алынат.Бардык көйгөйлөр,суроолор педагогикалык кеңештерде ,чогулуштарда каралат. | Базистик окуу планы<br>Пед.кеңешмед.протокол №1<br>Ийримдердин планы<br>Ийримд.ишинин графиги<br>Камкорчулар кеңешинин иш планы |
| 2.2. | Окуу-методикалык камсыздоону билим берүү стандартынын талаптарынажана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү. | №33 Кесиптик лицейинде окуу процесси окуу планы менен жөнгө салынат. Лицейдин окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген базистик окуу планынын негизинде кабыл алынган,ага ылайык окуучулардын жана алардын ата-энелеринин суроо талаптары ,ошондой эле педагогикалык жамааттын мүмкүнчүлүктөрү эске алынат. | Окуу планы<br>Сабактын жүгүртмөсү<br>Коңгүроонун графиги<br>Түшүндүрмө кат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.3. | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу. | | Китепкана боюнча жобо<br>Китепкананын иш планы<br>Китепкана боюнча анализ |
| 2.4 | Билим берүү программасыны жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу. | Лицейде билим берүү максаттарына ылайык материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары менен камсыздалган.Окуу процессин уюштурууда зарыл техникалык каражаттар бар жана жылына толуктоолор болуп турат.Лицейде электрондук почта бар.№33 Лицей маалыматтык ресурстарга ээ окуучулардын контингентине карата,анын ичинде окутуу тилдери боюнча окуу-методикалык адабият фонду.Окуу китептеринин камсыз болушу:жалпы китептердин саны-11619.Жалпы билим беруу боюнча-2412. | Ата-энелер чогулушунун протоколдору<br>сүрөтотчет.<br>https://www.facebook.com/profile.php?id=100067839714736<br>: https://youtu.be/iOafIf6nNe8<br>**https://www.instagram.com/p/Cc2kmm1skas/?igshid=YmMyMTA2M2Y=** |
| **Күчтүү жактар:**<br>Мугалимдер квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт, алардын окуу-тарбия иштеринде жаны технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү.Окуу процессине кызыкдар болгон ата-энелердин көбөйүшү.<br>**Алсыз жактары:**<br>Заманбап технологиялардын жетишсиздиги.<br>Чечүүчү жолдор:Демөөрчүлөрдү тартуу. | | | |
| | | | |

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 3. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | |
| 3.1 | 3.1. Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу. | Мугалимдер сабактын кундук пландарын жазууда максаттарды окуучунун позициясында кое билишет.Лицей бирдиктүү билим берүү чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу боюнча иш алып барууда.Мугалимдер окутуунун түрдүү формаларын | Лицейдин иш планы<br>Тарбиялык иш план<br>Класс жетекчилердин иш планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жана ыкмаларын колдонуп тарбиялык максаттардын негизинде окуучулардын ар тараптуу инсандыгын өнүктүрүүгө аракет кылышат. | Таланттуу жана сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө планы.<br>Класс жетекчилердин иш планы |
| 3.2 | **3.2.** Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу. | Мугалимдердин 90% компьютердик техникаларды колдонууну билет жана 60% аларды системалык түрдө сабакта колдонуну билишет.МКТ технологияларын ишке киргизүү багытында мугалимдерге методикалык жардам катары семинарлар өтүлүп турат. | Билим берүүдө инновациялык методдорду ,технологияларды колдонуу жөнүндө маалымат ИТколдонуу менен алынган сабактарды талдоо<br>Орус адабияты сабагынын планы |
| 3.3 | 3.4. Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу. | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык жетишендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык системасы үчүн мектепте баалоо стандарттары (окуучулардын негизги денгээлин аныктоочу диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу баалоо)пайдаланылат.Ошондой эле окуучулардын жетишкендиктерин аныктоого мумкундүк берүү үчүн, жарым жылдык,жылдык баалоо да колдонулат.Ошондой эле баа коюнун критерийлери бар (бул үчүн 5,4,3 коюлат). Ички көзөмөлдүн жыйынтыгы жана мамлекеттик сынактын жыйынтыгы “Сынак тактасында”чагылдырылат. | Лицейдин ичиндеги көзөмөл жөнүндө жобо<br>Лицейдин ичиндеги көзөмөлдүн иш планы<br>Окуу-тарбия иштери боюнча анализ |
| | 3.5.Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу. | Лицейдин ишмердүүлүгү,жетишкендиктери жана өзгөрүүлөр,баалардын коюлушу боюнча маалыматты өз убагында ата-энелерге жана окуучуларга жеткирүү класстык сааттар,ата-энелер чогулуштары аркылуу жүргүзүлөт.Мектепте окуучулардын билимин баалоодо алына турган жат жазуу ,текшерүү иштери,тест ж.б.жазуу иштери мугалимдердин календардык планында так көрсөтүлгөн.Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо жана жыйынтыктоо аттестациясын,окуучулардын курстан курска көчүрүү экзамендерин өткөрүү мезгилинде ,мугалимдерден турган аппеляциялык комиссия курамы директордун буйругунун | Камкорчулар кеңеши (сүрөтү)<br>Лицейдин парламенти<br>Экзамендердин протоколору<br>Баалоо критерийлери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | негизинде бекитилет.Ички көзөмөлдүн жана МЖА жыйынтыгы экзамен тактасында чагылдырылат. | |
| 3.6 | 3.6. Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу. | Окуу жылынын башында бардык мугалимдерге, тех.персоналдарга жана окуучуларга өрт коопсуздугу , техникалык коопсуздук эрежелери,жол эрежелери тууралуу инструктаж өткөрүлдү.<br>Окуу корпусунда:окуу кабинеттеринде, китепканада, фаеде, ашкана, лицейдин территориясында санитардык-гигиеналык эрежелер сакталган.Окуу кабинеттерин жарыктандыруу, класстардын жасалгалары белгиленген нормаларга ылайык келет.Лийцей ашканасындагы инвентарлар,тамак ичүүдө колдонулган идиш-аяктар,тазалык маселелери жолго салынып,милдеттүү талаптарды аткарат.Окуучулардын коопсуздугу үчүн видеобайкоочу 6 камера орнотулган.<br>Лицейде ден соолуктун чыңдоосу спорт аянтчасы ,спорт залы бар.Лицей парламенти жана дене тарбия жетекчиси тарабынан ар түрдүү спорттук иш-чаралар откөрүлүп турат.Бул иш-чаралардын негизги максаты окуучулардын өз ара аралашуусуна,командалык иштөөну онүктүрүүгө ,ден соолугун чыңдоого багытталган.Лицейдик тайпалардын окуучуларына 3 маал ысык тамак берилет.Лицейдин ашканасында толугу менен талапка ылайык шарттар түзүлүүдө. Лицейдин социалдык паспорту.жарым жетимдердин,социалдык жетимдердин маалымат бланкы , турмуш шарты оор үй-бүлөлөр жыл сайын такталып.жаңыланып турат.Окуучулар арасында сергек жашоо боюнча класстан тышкаркы иштер жана класстык сааттар өтүлүп турат. Лицей таза суу менен камсыз,медицина кызматкери менен тыгыз иш жүргүзүлөт. | Техникалык коопсуздук боюнча буйрук<br>Укук бузууларды алдын алуу планы<br>Рейддер боюнча актылар<br>“Сергек жашоо” боюнча иш планы<br>“Сергек жашоо” боюнча иштердин анализи.<br>Жугушту ооруларды алдын алуу боюнча план<br>Сабактын иштермелери |
| 3.7 | 3.7. Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын | Ички жана тышкы баалоо системалуу түрдө жургүзүлөт жана мониторингдери жарыяланылат.Лицей окуучулардын жыйынтыктарынын динамикасы баалоолордун жыйынтыктары боюнча жүргузүлөт. Билимдин жүрүшүн жана сапатын талдоо | Тайпалар боюнча мониторинг<br>Билим сапаты мониторинги боюнча жобо<br>Салыштырмалуу анализ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | натыйжаларынын динамикасы. | үчүн мектепте тесттер,текшерүү иштер,өткөрүлөт.Аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча билим сапатынын өсүшүнө көз салуу үчүн салыштырма анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү мониторинг түзүлөт.Окуу жылдын аягында мамлекеттик экзамендер 2-3-курстарда ЖМА экзамендери өткөрүлөт. | ЖРТ мониторинги |
| **Күчтүү жактар:**<br>Окутуучулардын ишине ата-энелер,окуучулар тарабынан баа берилип турушу.<br>Лицей баа берүүнүн ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонушу | | | |
| **Алсыз жактар:**<br>Психолог үчүн штаттын ачылышы<br>Инновациялык техникалардын санынын аздыгы | | | |
| **Стандарт 4. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | | |
| 4.1 | **4.1.** Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү, | Мектепте мугалимдерди кабыл алууда педагогдун квалификациясына жана компотенттүүлүгүнө басым жасоо менен кабыл алынат.Педагогтордун кадрдык курамы штаттык расписаниенин негизинде түзүлөт.Баардык предметтик мугалимдер адистиги боюнча туура келет.Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып, отчет берилип турат.2021-2022-окуу жылына карата<br>Педагогикалык кадрлардын жалпы саны- 15<br>Жогорку билимдүү -14<br>Орто билимдүү-1<br>Анын ичиндеги декреттик өргүүдө-жок<br>КР нын “Билим берүүсүнүн отличниги” - 3<br>Жалпы педстаж боюнча:<br>1 жылдан 5-жылга чейинкилер -<br>5 жылдан 10 жылга чейин-4<br>10 жылдан 15 жылга чейин – 5<br>15жылдан өйдө стажы барлар- 6 | Мугалимдердин сапаттык курамы<br>2021-2022-жылдарга мугалимдерди комплектөө<br>Билим берүү мониторинги<br>Стаж боюнча мониторинг |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Квалификациясын жогорулатуу курсунан өткөндөр-13 | |
| 4.2. | **4.2**. Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу. | Лицей коопсуздукту көзөмөлдөө максатында жалпы территорияга видео көзөмөл камералары коюлган.Окуу жылынын биринчи жумасында техникалык-коопсуздук санитардык гигиеналык эрежелери боюнча инструктаж өтүлөт.Мугалим жана окуучулардын өз ара мамилелерин баалоо боюнча чейрек сайын окуучулардан анкета алынып турат.Тарбия жаатында маселе болгон окуучулардын ата-энелери лицейге чакырылып.айрым учурларда ата-эненин үйүнө зыяратка баруу менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.Лицейде кызматкерлерди социалдык жактан коргоо каралган – лицей администрациясы, кесиптик бирлик жана ЖӨБ органдарынын ортосунда 3 тараптуу келишим кабыл алынган. Механизмдер жана жол-жоболор, ошондой эле физикалык ,психологиялык коопсуз чөйрө камсыз кылуу үчүн каралган: Лицейдин кызматкерлерин медициналык кароодон өткөрүү, санитардык-гигиеналык (санитардык-гигиеналык нормалар сакталган, ичүүчү суу, сыртки ажатканалар), аймакты жашылдандыруу - көп жашылдандыруу, гүлдөрдү отургузуу, көрктөндүрүү ата-энелер, окуучулар, мугалимдер тарабынан жүргүзүлөт.Жарыктандыруунун, жылуулук шарттарынын, вентиляциясынын санитардык-гигиеналык нормалары сакталат. Окуучулар үчүн тамактануу (ысык тамак) бардык режимдерди сактоо менен камсыз кылынат - меню, тазалык, жылуулук ж.б. Ошондой эле лицейдин окуучулары учун спорт залы ыңгайлаштырылган (лицей типтүү,уч кабаттуу) зоналык,облустук спартакиадаларга активдүү катышышат. Маалыматтык жана озгөчө кырдаал , өрт коопсуздугу эрежелер сакталат. Лицейде интернет бар ,Wi-Fi бар, мугалимдер бекер кирүү мүмкүнчүлүгү бар. Бардык коопсуздук жана өрт коопсуздугунун талаптары аткарылган. | Эмгек келишими<br>Лицейдин санитардык абалына санитардык-эпидемиологиялык нормалардын талаптары<br>Тамак-аштарга сертификаттар. |
| 4.3. | **4.3.** Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, | Лицейде педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча | Квалификация жогорулатуу курсу боюнча маалымат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу. | үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү системасы бекитилген жана иштеп жатат:<br>- окутууга болгон суроо-талаптарды жыл сайын баалоо жүргүзүлөт;<br>- Жыл сайын лицейдин педагогдору өздөрүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда же тренингдерде (дистанциондук тренингдерди кошкондо) жогорулатышат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат;<br>Ар бир окуу жылынын башында РНМЦ тарабынан лицейдеги квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдердин тизмеси бекитилип берилет.<br>2018-2019-окуу жылында 50%<br>2019-2020-окуу жылында 70%<br>2020-2021-окуу жылында 75%<br>2021-2022-окуужылында 80%<br>Лицейдин мугалимдеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн 3 жыл сайын жиберилет, андан сырткары тренингдерге,кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат. Лицейде 3 усулдук бирикме иштейт.Усулдук бирикмелердин жылдык планы бекитилген.Өз ара сабакка катышуу системалуу жүргүзүлөт. | Курстан өтүүнүн графиги<br>Сертификаттардын көчүрмөсү<br>2021-2022-окуу жылында квалификациясын жогорулатуудан өткөн мугалимдердин тизмеси |
| **Күчтүү жактар:** Квалификацияны жогорулатуунун жакшы жолго коюлган системасы. Мугалимдердин дээрлик бардыгынын жогорку билими бар.<br>Кызматкерлерди стимулдаштыруу системасы бар | | | |
| **Алсыз жактар:**<br>Мектепте пенсия курагындагы мугалимдердин иштеши;<br>• Жаш кадрлардын келишине жумуш ордунун жоктугу;<br>Сунуштар: Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө тынымсыз иштөөсү. | | | |

| Стандарт 5. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА | | | |
|---|---|---|---|
| 5.1 | **5.1.** Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу. | Лицейде балдардын билим алуусуна жана мугалимдердин иш алып баруусуна шарт түзүү маскатында мектептин материалдык базасын чыңдоо иштери жүргүзүлүп келет.Окуу жайдын жалпы аянты<br>*Жалпы курулуш имаратынын аянты-747,24 кв.м<br>*Окуукорпусунда жалпысынан 16 окуу кабинеттери бар.<br>Физикажана математика кабинети-1<br>Тарых кабинети-1<br>*Орус тили жана адабияты кабинети-1<br>*Англис тили кабинети-1<br>*Биология жана химия кабинети-1<br>*Компьютердик класс-1<br>*УАД кабинети-1<br>*Кыргыз тили жана адабияты кабинети-1<br><br>Лицейде 13 компьютер,1 проектор,1 интерактивдуу доска,интернет,Wi-Fi 4 ксерокс,5 принтер бар.Лицейде спорт аянтчасы,стадион,кичи футбол аянтчасы,спорт залы бар.Ошондой эле спорт инвентарлары (топтор,шахмат,шашки,тогуз коргол,аркан,ордо оюну учун чуко ж.б)бар.Лицейдин китепканасында метод.китептери,адабият китептери,газета журналдар ж.б бар.Китепканада китеп окуу үчун 15 орун бар.2020-жылы 4 ички байкоо камералары коюлду.2021-2022- окуу жылында алма,кокон гилас кочоттору,лицейдин алеясына 20 туп Тянь-Шань арчасы отургузулду. | Кабинеттер<br>Компьютердик класс<br>инвентаризация тизмеси<br>Спорт зал<br>Лицейдин тех.паспорту |
| 5.2. | **5.2.** Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, | Мектепте билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптары сакталган жана тиешелүү органдар менен тыгыз байланыш түзүлгөн.Окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында ашкана Кадамжай райондук санитардык-эпидемиологиялык | Милициянын жаш жардамчысы<br>ӨӨЖЖ<br>ЖКЖИ<br>Өрт коопсуздугу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери). | борбору тарабынан санитардык кароодон өттү.Гигиеналык эрежелерди сактоо боюнча:окуу жылдын башында мугалимдер,техперсоналдар,ашкана кызматкерлери медициналык кароодон өтүп,медициналык китепчелери талапка ылайык толтурулгандан соң гана кызматка кирешe алышат.Өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландар,коопсуздук бурчтар уюштурулган.Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир класста антисептиктер,дез.килемчелер бар.Эмгекти коргоо багытында ар бир кызматкер менен келишим түзүлүп укук,милдеттери көрсөтүлөт.Лицейдин имараты 1989-жылы курулган, типтүү. Администрация, лицейдин коллективи жана окуучулар коопсуздук техникасын сактоо менен иштөөдө.Жыл сайын оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлөт. Жыл сайын лицейди жаңы окуу жылына кабыл алуу болуп, ага бардыгы жана тиешелүү кызматтардын өкүлдөрү катышып, лицейдин жаңы окуу жылына даярдыгы жөнүндө акт түзүлөт. Лицейде өрт жана сейсмикалык коопсуздук жана санитардык нормалар жана эрежелер, өзгөчө кырдаалдарга даярдык жана энергияны үнөмдөө боюнча талаптар сакталат. Окуу процессинде эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптары сакталат.Лицейдин айланасында жана лицейдин аймагында жашыл бактар көп - арча, алма,өрүк,кокон гилас, гүлзарлар бар.Лицейдин имаратында колду жууганга ар бир кабатта раковина бар. Таштандыларды салган челек бар.Класстарды жарыктандыруу жетиштүү (энергияны үнөмдөөчү лампалар) лицейде 50 орундуу ашкана бар. Бекитилген меню бар, продукциялар сертификатталган, продукциянын сапаты жана коопсуздугу баалоо тобунун комиссиялар мүчөлөрү тарабынан көзөмөлдөнөт.<br>Идиштер жетиштүү санда, коопсуз (согушсуз), ашканадагы жабдуулар жана инвентарлар белгиленет жана максатка ылайыктуу түрдө колдонулат. Лицейде ысык тамактануу 1-2- 3-курстун окуучулары үчүн жумасына 6 кун 3 | Коопсуздук техникасы<br>Буйруктар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | маал жүргүзүлөт. | |
| 5.3. | **5.3.** Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу. | Лицейде материалдык-техникалык базаны чыңдоо максатында төмөнкү иштер каралган.<br>-Лицейди жыл сайын жай айларында косметикалык ремонттон өткөрүү<br>Окуу кабинеттерин проектор,интерактивдүү доска менен камсыз кылуу.<br>-Информатика классындагы компьютерлерди ремонттон өткөрүү жана толуктоо.<br>-спорт залды косметикалык ремонттон өткөрүү.<br>Лицейди модернизациялоонун багыттарынын бири – бул мугалимдер жана окуучулардын маалымат жана байланышты жакшыртуу үчүн шарттарды түзүү.<br>Бул багыттын алкагында лицейде окуучулар үчүн информатика боюнча билим берүү программалары ишке ашырылып, кружоктор уюштурулган. Окутууда маалыматтык технологиялар да колдонулат.<br>Ар бир адам үчүн маалымат булагы катары соц.тармактарда баракчаларыбыз ачылган. | Мамлекеттик бюджеттен каржыланат<br>https://www.facebook.com/profile.php?id=100067839714736<br>**https://www.instagram.com/p/Cc2kmm1skas/?igshid=YmMyMTA2M2Y=** |

**Күчтүү жактар:**
Мугалимдер колубузда бар каражатын жардамы менен окуучуларга татыктуу билим алуу үчүн жигердүү методикалык иштерди жүргүзүп жатат.

**Алсыз жактар:**
Орг.техниканын жетишсиздиги.

**Стандарт 6. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **6.**1. Калкты билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар жөнүндө тиешелүү маалымат менен камсыз кылуу үчүн | Окуу жай маалыматтарды топтойт, анализдейт жана керектүү максаттарга колдонот. Топтолгон материалдар, сапаттуу башкарууга, окуу | Жергиликтуу телеканалдар менен тынымсыз иштешет. Райондогу гезит журналдардан чыккан жарнамалар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | билим берүү уюмунун портфолиосу, эрежелердин жана жол-жоболордун, формалардын жана талаптардын болушу. | программаларды иштеп чыгууга түрдүү багыттагы иш-аракеттерди системалуу жүргүзүүгө пайдаланылат. Маалыматтарды коомчулукка жеткирүү үчүн “ЮТС” коомдук телерадиокомпаниясы, “Эл жарчысы” газетасынын редакциясы менен тыгыз байланышта иш алып барат.<br>Окуучуларга лицейдин билим берүү багытынын КТББ программасы жөнүндө окуу жылынын башталышында класстык саатларда мугалим-устаттар маалымат беришет.<br>Кесиптик билим берүү боюнча маалыматтар окуу жайынын кире бериш жериндеги атайын тактайчаларда дагы көрсөтүлгөн | Лийейдин портфолиосу. |
| | **6.2**. Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын болушу (билим берүү уюму тарабынан анын билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, жалпылоо жана сактоо):<br>окуучулардын контингенти жөнүндө маалымат;<br>- сабакка катышуу жана окуудагы жетишкендиктер, окуучулардын жетишкендиктери жана окуудан чыгарылгандыгы жөнүндө маалымат;<br>- окуучулардын, алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу; | Билим берүү программасынын максатын коомчулукка жеткирүүдө “Эл жарчысы” газетасы жана жергиликүү телерадиокомпаниялар менен кызматташат. Окуучулар боюнча, билим берүү максаттарын ар бир мугалим өз алдынча социалдык тармактар аркылуу коомчулукка жайылтышат..<br>Кесипке даярдоодогу берилүүчү квалификациялар ар бир тайпанын окуу кааналарында кенири баяндалган жана маалымдоо тактайчаларында, окуу жайынын сайтында так маалымдалган.<br>Окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары боюнча маалыматтарды окуу жайынын атайын сайтында, соц.сеттерге | ИСУОнун “Ачык сайттар” болумундо контингент, окуучулардын жетишуу катышуу, окукудан чыгарылгандыгы жонундо маалыматтар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | - материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;<br>- олимпиадаларга, долбоордук сынактарга, спорттук мелдештерге катышуунун жыйынтыктары;<br>- билим берүү уюмунун ишинин негизги көрсөткүчтөрү. | берилген Окуучуларды кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы тарабынан кеңири маалымат берилет;<br>Баалоонун жол-жоболору жалпы окуучулардын чогулушунда, ар бир тайпанын класстык чогулуштарында маалымдалат.<br>Кесиптик лицейге кабыл алууда окуучунун үй-бүлөлүк абалы, ден-соолугу, окуучунун тандаган кесибине кызыгуусу, ата-энесинин макулдугу керек экендиги тууралуу жарыяларда жарыяланат;<br>Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарды топтоп, бүтүрүүчү тайпалардын устаттары тиешелүү жумуш берүүчүлөр менен жолугушууларды өткөрөт. Андан тышкары шаардык жана райондук бош орундардын жарманкесине катышууну уюштурат. | |
| | **6.3.** Билим берүү уюму тарабынан өз ишмердүүлүгү жөнүндө калкты үзгүлтүксүз маалымат менен камсыз кылуу үчүн маалыматтык ресурстардын (веб-сайт, электрондук почта, телефондук жана факсимилдик байланыш, гезиттер) болушу, анын ичинде:<br>- миссия;<br>- билим берүү максаттары;<br>- окутуунун күтүлгөн натыйжалары;<br>- окутуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;<br>- баалоо процедуралары;<br>- окуучулардын окуу жетишкендиктери боюнча жалпы улуттук тестирлөөнүн жана изилдөөлөрдүн натыйжалары. | Окуу жайдын кесиптик билим берүү программасы боюнча маалыматтар, окуу жана окууга тапшыруу мүмкүнчүлүктөрү коомчулукка, окуучуларга жана кызыкдар тарабына объективдүү, жеткиликтүү, так жана өз убагында төмөндөгү окуу жайынын атайын сайтында , ар кандай социалдык тармактары аркылуу кенири чагылдырылып турулат:<br>**Окуу жайынын сайты:** http://oldkesip.kg/pl33/ иштебейт.<br>**Facebook:**<br>https://www.facebook.com/profile.php?id=100067839714736<br>**YouTube:** https://youtu.be/iOafIf6nNe8 | Лицейдин Фейсбук, инстаграм, телеграм баракчалары.<br>Лицейдин миссиясы жана кутулуучу натыйжалары сойиалдык баракчасында корсотулгон. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **Instagram:** https://www.instagram.com/p/Cc2kmm1skas/?igshid=YmMyMTA2M2Y= <br>**Телеграмм: №33 Кесиптик лицейи.** <br>Лицей өзүнүн иши жөнүндө маалыматты үзгүлтүксүз берүү максатында миссиясын лицейдин кире беришине илинген. Жумуш берүүчүлөргө, ата-энелерге, социалдык өнөктөштөргө, жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө буклет даярдап жөнөтүлөт. | |
| | | | |

**Күчтүү жактар:**

Окуу жайдын социалдык желелерде озунун баракчасы бар.

Жанылыктар нана маалыматтар ошол баракчалардан калкка тынымсыз жэткирилип турат.

**Алсыз жактар:**

Лицейдин сайтынын иштебей калгандыгы.